КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БИРИККЕН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVII СЕССИЯСЫНЫН**

**№ 1 ТОКТОМУ**

**24-апрель 2026-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүндө калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйымды бекитүү жөнүндө**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 17-январындагы №01-15/44 катынын негизинде "Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 73-74-75-76 беренелерине ылайык Багыш айыл аймагында калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым жөнүндө карап чыгып Багыш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн аймагында калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым жеке жана юридикалык жактар ишкерди иши үчүн арналган имараттардын ээлери, мамалекеттик же муниципалдык менчикте турган курулуштар, ишканалар жана мекемелер төлөйт, жумушчулардын санын эсепке алуу менен 1 жумушчуга 100 сом өлчөмдө жыйым бекитилип берилсин.

2. Жыйымды төлөө мөөнөтү, жыл сайын 1-апрелге чейин төлөнсүн.

3. Ал эми учурдагы жылдын жаңы катталган субекти үчүн жыйымды төлөө жана эсебин төлөө жана эсебин тапшыруу мөөнөттөрүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык төлөөчүнүн реестрине киргизилген айдан кийин 20-числосунан кечиктирбестен калктуу конуштарды таштандылардан чыгаруу үчүн жыйындын эсебин тапшырып, жыйым төлөнсүн.

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы айылдык кеңештин иш кагаздары боюнча адиси Г.Койчубек кызына милдеттендирилсин.

5. Аталган токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айыл өкмөтүнүн милдетин аткаруучу Б.Адылбек уулуна жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**